КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
ЖАНЫ-ПАХТА АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
ЖАНЫ-ПАХТИНСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ № 21-29/3

**29 чакырылышынын 21-сессиясы** **19.08. 2026 ж.**

**«Жаңы-Жер айылындагы №231 контурундагы жалпы аянты 1,5 га айыл чарба багытындагы жайыт жердин багытын «Өнөр жай, транспорт, байланыш, энергетика, коргонуу жана башка багыттагы жерлер» категориясына которууга (трансформациялоо) макулдук берүү жөнүндө»**

Жаны-Пахта айыл аймагындагы Жаны-Жер айылында 231-контурунда жайгашкан, жалпы аянты 1,5 га болгон мамлекеттин менчигиндеги айыл чарба багытындагы жайыт жер тилкесинин максаттуу багытын «Өнөр жай, транспорт, байланыш, энергетика, коргонуу жана башка багыттагы жерлер» категориясына которуу (трансформациялоо) жөнүндө маселени карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-ноябрындагы №665-токтому менен бекитилген «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө жобого» ылайык, айылдык кеңеш,

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жаңы-Пахта айыл өкмөтүнүн мамлекеттин менчигинде турган, №231 контурундагы жалпы аянты 1,5 га болгон айыл чарба багытындагы жайыт жер тилкесин «Өнөр жай, транспорт, байланыш жана башка багыттагы жерлер» категориясына трансформациялоого (которууга) укуктук макулдук берилсин.
2. Жер тилкесинин максаттуу багытын өзгөртүү боюнча тиешелүү документтерди мыйзамда белгиленген тартипте даярдоо жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга кароого киргизүү Жаны-Пахта айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Жаны-Пахта айыл өкмөтүнүн башчысы М.К Абдыкеримовго жүктөлсүн.

Жаны- Пахта айылдык
кеңешинин төрагасы

Саитбеков З.М.